**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

14.03.2024 № 404/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кыргыз Республикасындагы менчигинин формасына карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө 2024-жылдын 1-мартындагы Жобонун негизинде жалпы билим берүү уюмдарынын орто жалпы билими жөнүндө артыкчылык аттестатын алууга талапкерлер 11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарташтырылган бланкалык тест таризинде өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүү жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, шаардык/райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери аталган Жобону аткарууга алышсын.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 22-мартындагы № 1042/1 "Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча «Алтын тамга» жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Билим берүү жана илим министринин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

Көчүрмөсү анык
14.03.2024